# Чопо чоор



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Чопо чоор

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чоро чоор" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Музыкалык аспаптар,
Бизде мурда көп экен.
Көбү унут болуптур,
Билбешибиз жөн экен.

Кылдуу аспап комузду,
Кыл кыякты билебиз.
Темир ооз комузду,
Кээде кагып жүрөбүз.

Урма аспап – добулбас,
Цилиндрдей жасалат.
Асты менен үстүнө,
Төө териси капталат.

Кичинекей добулбас,
Доол, дап деп да айтылат.
Таяк менен урганда,
Даң-даң деген үн чыгат.







Керней, сурнай сыяктуу,
Аспаптар көп үйлөмө.
Узун, кыска, чоң, кичи,
Үн чыгарат түрлөнө.

Керней жарым метрдей,
Үнү угулат бапылдап.
Сурнай өтө узуну,
Үнү бийик тапылдап.

Сыбызгы аспап өзгөчө,
Назик, мукам үнү бар.
Чогойно чоор, чопо чоор,
Чоорлордун түрү бар.

Чогойно деген куурайдан,
Чогойно чоор жасалчу.
Чопо болсо жердиги,
Ал чопо чоор аталчу.





Чопо чоорду көбүнчө,
Жылкычы, койчу колдонгон.
“Койчулардын коңур күү”
Бул аспапта ойнолгон.

Чыңыроон, жезнай – жез түтүк,
Ызылдайт үнү алыстан.
Ышкырыктай безилдейт,
Чымылдак – куурай, камыштан.

Аспаптардын ушундай,
Билгенден кийин түрлөрүн.
Жасоону чечти Жаныбек,
Ушулардын бирөөсүн.

Чопону жууруп камырдай,
Көпкө абдан ийледи.
Калбасын деп камдашпай,
Кокусунан бир жери.





Анан жайып жалпайтып,
Кести керек өлчөмдө.
Бириктирди четтерин,
Формага салып көркөмдөп.

Кол менен басчу жерлерин,
Көзөнөк кылып жасады.
Отко коюп бышырып,
Чопо чоор деп атады.

Үйлөп көрсө чоорун,
Түркүн үндөр угулду.
Мукам добуш күңгүрөп,
Күүгө айланып кубулду.

“Ат кетти” деген күүнү,
Чоорго салып үйлөдү.
Абдан мукам үн салып,
“Ат кеттилеп” сүйлөдү.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- **3.2 деңгээли**

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли